КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ КЕНЕШ САДЫР АКЕ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышындагы кезектеги 16-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын август айынын 21и № 86** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл Аймагынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетин долбоорун бекитүү жана 2025-2026-жылга болжолдуу долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Бюджеттик Кодексинин» 78-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Садыр аке айыл Аймагынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорун карап, талкуулап чыгып Садыр аке айылдык Кенеши **токтом кылат**:

**1.**Садыр аке айыл Аймагынын 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинин көлөмү кирешелер жана чыгышылары боюнча 14270,1мин. сом (он төрт миллион эки жүз жетимиш миң жүз) сом өлчөмүндө анын ичинен:

-теңдештирүүчү грант 5265,0 миң.сом (беш миллион эки жүз алтымыш беш миң) сом.

-атайын каражат эсеби 1200,0(бир миллион эки жүз миң) сом өлчөмдө өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен бекитилсин .

**2.**Садыр аке айыл Аймагынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджет кирешелер жана чыгышылары боюнча 14270,1мин. сом (он төрт миллион эки жүз жетимиш миң жүз) өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

**3.**Садыр аке айыл Аймагынын 2026-жылга карата 14270,1мин. сом (он төрт миллион эки жүз жетимиш миң жүз) өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

**4.**Жыл ичинде акча-каражаттын сарпталышы бекитилген бюджет боюнча жүргүзүлсүн.

**5.**Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**6.** Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл Өкмөтүнүн башчысы А.Орозалиевке жана ФЭБнун башчысы Н.У.Сыдыковага милдеттендирилсин.

**7.** Токтомду көзөмөлгө алуу жагы «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди: Иш кагазы-1,Каржы болуму-1,Обл. Юст башк.-2.*